УДК: 37.025:159.9
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-321-324

**Токтомаматова А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
atoktomamatova@inbox.ru
**Токтомаматова А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
atoktomamatova@inbox.ru
**Toktomamatova A.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## БАЛАНЫ ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ УЛУУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ

## КОМПЕТЕНТНОСТЬ ВЗРОСЛЫХ В ПРОЦЕССЕ ВОСПИТАНИЯ РЕБЕНКА

## COMPETENCE OF ADULTS IN THE PROCESS OF RAISING A CHILD

**Аннотация:** Бала улуулардын күзгүсү. Балага улуулардын кылганы дайым кызыктуу, алардын кылганын туура деп эсептейт. Ошондуктан ал да улуулар сымал болгусу келип алардын артынан кылыктарын кайталайт. Демек, улуулар да бир гана сөз менен эмес, иш жүзүндө да үлгү болушу керек. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо процессинде ата-эненин ролу өтө чоң. Ар бир ата-эненин ар тараптан сабаттуу болуусу учурдун талабы. Макала улуулардын тарбиялоо процессинде компетенттүүлүгүн жогорулатуусунун зарылдыгын айтмакчы.
**Негизги сөздөр:** сабатсыздык, түшүнбөстүк, маалыматты кабылдоо, шедевр, балдар реализми.

**Аннотация:** Ребенок – это зеркало взрослых. Им интересно, что делают взрослые и считают, что они делают все правильно. Поэтому дети стараются стать взрослыми и повторяют за ними. Взрослые должны быть не только словами, но и действиями быть примером. В воспитании ребенка роль родителей очень важна, поэтому сегодня современные родители во многих отношениях должны быть грамотными. В статье говориться о важности развитии компетентности воспитания взрослых.
**Ключевые слова:** невежество, непонимание, воспрятие информации, шедевр, детский реализм.

**Annotation:** The child is a mirror of adults. He is always interested in what adults are doing, and he believes that what they are doing is right. So, he wants to be like them, and he repeats after them. Therefore, adults should be an example not only in words, but also in their behavior. The role of parents in the process of raising a child in a family is very important. It's time for every parent to be literate in every way. The article emphasizes the need to increase the competence of adults in the learning process.
**Keywords:** ignorance, misunderstanding, perception of information, masterpiece, children's realism.

Илим тарабынан баланын дүйнөгө болгон көз карашы он бир жашында калыптанып, чоңдор сыяктуу койгойлорду ойлонуп, алдына келечекке карата максаттарын коюп баштаары далилденген. Бирок ага чейин алар дүйнөнү биз көргөндөн да башкача көрүшөт. Наристелерде алар көрүп жаткан дүйнө жөнүндө маалыматы жок болгондуктан, биз көнгөн, биз билген эле буюмдарды, көрүнүштөрдү өз көзү менен карап, көргөндөрү жөнүндө ар кандай тыянактарды чыгарышы мумкун.

Жаш балдар кандайдыр бир нерсе эмнеге керек экендигин, эмнеге кандайдыр бир иш-аракеттер болуп жаткандыгын, айрым ага кармаганга урукстат берилбеген, бирок аны кызыктыргын буюмдун таштандыда жатышынын себебин, ал такыр эле жактырбаган брокколини апасы күн сайын берип жатканын, жакшы көргөн мультфильмин эртеден кечке көрүүгө болбой тургандыгын тажырыйбанын жоктугунан түшүнө алышпайт. Бала бир нерсени түшүнө билиши үчүн, кабыл алуусу үчүн сөзсүз түрдө аны кармап, тиштеп, даамын татып көрүшү керек. Ушундай учурларда баланын сезимдерин өнүктүрүүгө, алардын жардамы менен дүйнөнү үйрөнүүгө жардам берип, ата-энелер ымыркайга билбестиктин жана түшүнбөстүктүн тикенектеринен тез жана оңой өтүүгө жардам берет.

Балага туура тарбия бере билүү үчүн сөзсүз ал кантип маалыматты кабыл алат, кантип анализдеп, кантип колдоноорун билүү керек, башкача айтканда улуулар бул дүйнөгө али эч нерсе билбеген, жүрөгү, ойу таза жаш баланын көзү менен карай билүүсү керек. Ал эми, ал үчүн жөн гана өзүнүн бейкапар балалыгын эстеп көрүшү керек….

Төрөлгөндө эле наристе эч белгисиз бир планетага туш болгондой. Айланада эмне бар, эмне жок наристеге али белгисиз. Кулагына угулган дабыштардын кээ бири укмуш симфония болсо, кээ бирлери аны ыйлатаарлык коркунучтуу.

Мурду ар кыл жыттарды сезип, көзү түркүн түстүү объектилерди көрө баштайт. Буга чейин энесинин жатынында муздоо, ысуу, нымдуулук сезимин сезбеген денеси эми жарык дүйнөгө келип, ага белгисиз сезимдерди туйдура баштады. Мына ошондон баштап анда таануу процесстери башталат. Эми көзүнө көрүнгөн нерсени кармагылайт, апасынын эң сүйүктүү вазасы жакпай, ыргытып, сындырып салат, дубалдардын аппак болушу ага кызыксыз болот да, өз оюндагы «шедеврди» жаратат, атасы түнү менен иштеп чыккан маанилүү документтерди жыртып салат, жеген тамагын жактырбай, түнү бою өзү да уктабай, башкаларды да уктатпай, ыйлап же ооруп чыгышы мүмкүн.

1 жаштагы балага чоңдордун жүрүм-турумуна кылдаттык менен карап, аны көчүрүүгө аракет кылауу абдан кызыктуу. Тарбиялоодо муну эстен чыгарбоо керек: бала улууларды укпаса да, алардын жүрүм-турумун сөзсүз кабыл алат.

Бала нерселерди буктоп, курганга абдан кызыгат, ошондуктан кубиктерге [Эриксон Э., Периодизация развития личности (Младенчество 0–1, Раннее детство 1–3, Детство 3–6). – М., 2016. – 232–289 б.], пирамидаларга кызыгып, алардан конструкцияларды кура алат. Бул курактагы бөбөктөр эмоциянын кеңири спектрин көрсөтөт, алардын сөз байлыгы 10–15-ке чейин жөнөкөй сөздөрдү камтыйт, алар ар кандай жаныбарларды таанып, ата-энесинин атын эстеп калышат. Бир жаштагы бала жөнөкөй көрсөтмөнү түшүнө алат: «кел», «бер». Ал окуя менен оюндарга кызыгып баштайт. Узак мөөнөттүү эс тутуму да жакшырат: бала бир нече күн мурун эмне болгонун эстейт. Ал жаныбарларды жана буюмдарды тааныйт жана алардын айрымдарын колдонууну үйрөнүшү мүмкүн, мисалы, шкаф ачуу. Кээ бир жаш балдар китептерди барактап, түркүн түстүү сүрөттөрдү көргөндү, жашырынып, буюмдарды издегенди жакшы көрүшөт. Бул куракта наристе дайыма бир жерге жашынат, көбүнчө сени жашынган жеринен издейт. Ал эми жерди алмаштыруу сунушу көбүнчө нааразычылыктарды жаратат.

Ошондуктан, бешке чейин санап, бала жашынган жерди көпкө айланып басып, балага аны издеп жаткан жериди катуу айтып, анан кокусунан, керектүү жерди карап, жүзүндү таң калтырып, ал жерден сүйүнүп турган наристени тап. Щвейцариялык психолог Жан Пиаженин айтымында – «Жаш бала көзүнө көрүнбөгөн нерселерди жок болуп кетти» – деп эсептейт. Ошондуктан да кээде жашынмак ойногондо наристе жалгыз калдым деп коркуп ыйлашы да мумкун.

Кичинекей баланын Жан Пиаже «балалык реализм» деп атаган касиети бар [Жан Пиаже. 4 стадии развития детского интеллекта. – М., 2020. – С. 104–128]. Бала өнүгүүнүн белгилүү бир этабында нерселерди алардын ички мамилелеринде эмес, алар менен түздөн-түз байланышта көргөндөй эле кабылдайт. Ошондон улам Айдын артынан жүрүп, аны менен жашынмак ойноп жатканына чын дилинен ишенет. Эсиңиздеби, кечинде жолду бойлоп басып баратканда, ай артыңыздан жылып бараткандай сезилет. А балким, бала кезиңизде ай сизди кууп баратат деп да ишенгендирсиз. Бирок, жетилгенден кийин, адам өз көзүнө ишенбөөгө үйрөнөт, анткени, биз мектепте үйрөнгөн дүйнөнүн сүрөтүн так эстейбиз. Ага ылайык, ай

чексиз мейкиндиктеги чоң шар болуп саналат. Ал андан да чоңураак шар болгон Жердин айланасында айланат.

Анан эле кичине чоңоюп кылыгы чыгат, чуркайт, жаны тынбайт, оюнчуктарды бир күндо бир нече ирет чачып, бир нече жолу кийимин кирдетип, дуконго барып калса каалаган таттуусун алып бермейинче ыйлап турушу да мумкун. Булардын баары алар үчүн кадимки көрүнүш катары сезилип, ата- энеси аларды эмнеге урушп жатканын түшүнүшпөйт. Бул учурда балага түшүнө билуу менен мамиле кылып, түшүнбөгөнүн жөнөкөй кылып түшүндүрүп, аны урушуп, кагып силкүүдөн алыс болуш керек. Анткени тажырыйбасыз ымыркай үчүн алгачкы мезгилдерде пайда болгон коркуу сезими, көйгөйлөр жана терс көз караштар менен күрөшүү абдан эле кыйын болот. Андыктан баланын келечекте сизге өз дүйнөсүнүн эшиктерин жаап коюшун каалабасаңыз, анда бир гана баланын каталарына, кылыктарына эмес, озунуздун да иш-аракеттеринизге да конул буруш керек.

Уч жаш- баланын жана анын ата-энесинин жашоосундагы маанилүү дата болуп саналат жана көптөгөн психологдор жана педиатрлар бул куракты наристелик менен балалыктын ортосундагы өткөөл мезгил деп эсептешет.

Чынында эле, бала абдан көз карандысыз боло баштайт – ал сүйлөгөндү билет, өз алдынча тамак жеп, жуунуп, алек боло турган нерсе таба алат.

Андан тышкары ушул убакта балдардын өз алдынчалыгынын экинчи “ачылышы” болот – эми наристе баарын өзү жасагысы келип, өз алдынча кийинүүгө жол бербесеңиз же анын ишинин жыйынтыгын оңдоого аракет кылсаңыз абдан ачууланат.

Уч жашында бала өсүп-өнүгүп эле тим болбостон, ал губка сыяктуу эле маалыматтарды түзмө-түз “сиңирип алат” жана тажрыйбалуу психологдор менен педагогдор кандай болгон күндө да бул убакытты өткөрүп жибербөөгө кеңеш беришет. Азыртан эле баланы мектепке даярдап, тышкы дүйнө менен тааныштырып, чет тилдерди же музыканы үйрөтүү үчүн үзгүлтүксүз сабактарды баштасаңыз болот. Көптөгөн ата-энелер жаш баланы бала бакчага жиберишсе, анын өнүгүшүнө мындан ары кам көрүүнүн кереги жок деп эсептеп, чоң ката кетиришет.

Азыркы учурда, бала бакча мектепке чейинки курактагы балдарга тарбия берүүдө үй-бүлөгө жардам көрсөтүү үчүн социалдык борбор болуп калат. Үй-бүлө жана мектепке чейинки билим берүү мекемеси мектеп курагына чейинки баланын өнүгүшү үчүн бирдиктүү тарбия – билим берүү мейкиндигине биригишет. Ата-энелер, тарбиячылар менен балдардын ортосундагы мамиледе башкы орунду авторитардык эмес, улуу киши менен баланын инсандыкка жеке багытталган өз ара аракетти ээлеп турушу керек. Бул тарбиячылар жана ата-энелер пикир алышуу процессинде балага төмөндөгүлөрдү камсыз кылуу керек дегенди түшүндүрөт:

- психологиялык коопсуздукту сезүү;
- дүйнөгө ишеним көрсөтүү;
- эмоционалдык туруктуулук;
- жеке маданиятынын негизин түптөө;
- анын жеке касиеттерин өнүгүшү.

Бул жыйынтык бакча жана үй-бүлөнүн ортосундагы гармониялуу өз ара аракеттеринин натыйжасында гана жетишилет. Гармониялуу өз ара аракеттер педагогдордун жана ата-энелердин тарбия жана билим берүү процессине бирдей үлүш менен катышуусу керек дегендик эмес. Окутуу, билим берүү маселелеринде артыкчылык ролу кесипкөй кызматкерлери бар бакчага таандык болсо, тарбия берүү маселелери боюнча жетектөөчү роль үй-бүлөсүнө таандык. Азыркы ата-энелер диалогго умтулат, ал баланын тарбияланышы үчүн өз каалоолору эске алынуусун, анын пикирин угуп, анын көз карашы педагогдун ишинде эске алынуусун каалайт. Ата-энелер педагогдун жүзүндө, жооп берүүгө даяр, билимдүү, уга билген, кырдаалды алардын көзү аркылуу көрө ала турган маектешти көргүсү келет. Диалог түрүндөгү байланыш ата-энелерге өзүлөрүн, тарбия берүүдө өзүнүн ордуна жана баалуулуктардын системасына укугу бар бирдей өнөктөштөр катары сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Педагогдун үй-бүлө менен иштешиши, ата-эненин баланы тарбиялоодо өз көз караштарына жана ойлоруна аң-сезимдүү мамиле түзүүсүнө, ал эми балага – жакындары үчүн урмат-сый мамиле түзүүсүнө түрткү болот. Бул нерсени жасоо жеңил эмес.

Ата-энелер менен гармониялык, туура өз ара иш-аракеттерин куруу, чыдамдуулукту, сылыкты, акылмандыкты көп талап кылат.

Педагогдун үй-бүлө менен иштешиши, ата-эненин баланы тарбиялоодо өз көз караштарына жана ойлоруна аң-сезимдүү мамиле түзүүсүнө, ал эми балага – жакындары үчүн урматсый мамиле түзүүсүнө түрткү болот. Бул нерсени жасоо жеңил эмес. Ата-энелер менен гармониялык, туура өз ара иш-аракеттерин куруу, чыдамдуулукту, сылыкты, акылмандыкты көп талап кылат [1].

Ар бир тарбиялануучу баланын үй-бүлөсү менен шериктештик мамилелерди орнотуу, балдарды өнүктүрүү жана билим берүү үчүн күч-аракетти бириктирүү, бири бирине жалпы кызыкчылык, эмоциялык жактан өз ара колдоо көрсөтүү жана көйгөйлөрүн түшүнүшүү маанайын түзүү; ата-энелердин психологиялык жана педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу, алардын окутуу жөндөмдүүлүгүнө ишенимин колдоп туруу максатында алар менен тыгыз кызматташтык мамилени тузуу зарыл

Балага 4–5-дашында жакшылап көңүл буруу керек. Ушул убакта андагы муноздун терс жактары кулачын жайып, көбүрөөк көрсөтүлө баштайт. Анткени бул жашта атаандаштык, өзун башкалар менен салыштыруу, жакшыны жамандан ажырата албаса да, курчап турган адамдарды баалап баштайт.

Мына ошондо убагында жакшы көңүл бурулган эмес болсо, сүйүү жетишсиз берилген болсо бала өзүнүн мыктылыгын далилдөө үчүн «тентектик» кылып баштайт. Ошондуктан дайыма балага жетишээрлик көңүл буруп, анын менен кеңешип, аны менен балалыкты жашап, этика дана гигиенаны үйрөтүп, бирге мультфильм коруп, бирге китеп окуп, тамак кылып, уй жыйнап, күн сайын жаңы нерселерди үйрөнүп, дайыма аны өнүктүрүүгө, тарбия, билим берүүгө аракет кылып,андакатачылыктар болсо,аны биргеликте кеңешип, чечүүгө аракет кылуу керек. Негизгиси ата-эне өзү, эже байкелери, үй-бүлө мүчөлөрү да туура иш-аракеттерди кылып, наристеге туура багыт берип турушу керек. Анткени бала – улуулардын күзгүсү. Ага улуулардын кылганы дайым кызыктуу, алардын кылганын туура деп эсептейт. Ошондуктан ал да улуулар сымал болгусу келип алардын артынан кылыктарын кайталайт. Ошого ата-эне да бир гана соз менен эмес, иш жүзүндө да мисал болушу керек.

Бул неселердин баары туйшук же кандайдыр бир кыйынчылык эмес. Анткени юир күн келет мунун баары бүтөт. Бир күн келет акыркы жолу ымыркайыңызды ак сүтүңүз менен эмизесиз, өзүңүз тамактандырасыз, бир куну акрыкы жолу памперсин алмаштырасыз, акыркы жолу кийиндиресиз, бир куну акыркы жолу алдейлейсиз. Анткени күнү келип ал да чоңоёт, өз алдынчалуулукка үйрөнөт. Сиз аны эмес, ал сизди жетелеп, акыл айтып калат. Мына ошондо – «Кап, убагында кылыктарына жетишээрлик тоюп албаптырмын» – дейсиз.

Ошондуктан ар бир нерсе өз өлчөмүндө болгону жакшы. Бала ойносун, күлсүн, билсин. Эч бир нерсени кылып көрмөйүнчө, жеңилип, кулап көрмөйүнчө-тажырыйба алуу мумкун эмес. Каьатыр болуунун кереги жок! Жөн гана туура жолго багыттап, баланын өз нугу менен сүзүшүнө уруксат берүү керек. Бирок ошол эле убакта баланын жашоо кемеси тоо таштарга урунуп, сынып калбоосу учун анын өнүгүшүн четтен гана карап турбастан, анын дүйнө таанымында активдүү роль ойноп, дайыма баланы өнүктүрүү аракетинде болуу керек. Анткени бала тарбиялоо – бул жеңил процесстерден эмес. Адамдан нагыз адамды «пайда кылуу кыйын». Тарбиялоо процесси – бул чоң жоопкерчилик.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Андреева Т. В. Семейная психология / Т.В. Андреева. – СПб.: Речь, 2004. – 244 с.
2. Ильин Е. Психология любви. – СПб.: Питер, 2018. – 222 с.
3. Жан Пиаже. 4 стадии развития детского интеллекта. – М., 2020. – 128 с.
4. Жан Пиаже. 4 стадии развития детского интеллекта. – М., 2020.
7. Мудрик А.В. Близнецы. – М., 1969.
8. Жан Пиаже. Речь и мышление ребенка. – М., 1929. – 232 с.
9. 3тон 6 жашка чейинки балдарды онуктуруу «Балалык» программасына» – 242-243 б.


**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Мураталиева Н.Х.**